УДК: 9-05

Шакитов Ш.Ш.
*Академик Ж.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту*

# СОГУШТУН ЖАНА ЭМГЕКТИН КАЖЫБАС АРДАГЕРИ

Улуу Ата-Мекендик согушка чейин жаштардын таржымалы, негизинен, окшош: 4, 7, 10-класстарды; советтик–партиялык, чарбалык кадрларды даярдоочу курстарды; педокуу жайларын бүтүрүшкөн; жумушчу, колхозчу, мугалим болушкан; жетекчи кызматтарды ээлешкен, кээлери комсомол, партиянын мүчөлөрү болууга да үлгүрүшкөн.

Ошолордун бири – Бакас Жапаров. Ал Жети-Өгүз районундагы өзү туулуп өскөн Чырак айлында колхозчу болуп иштеп турганда Советтик Армиянын катарына чакырылган. 1942–жылдын май айында жөө аскерлердин Фрунзедеги окуу жайынын курсанты катары эсепке кирип, армиялык милдеттерди аткаруунун алгачкы мектебинеөтөт. Курсант болу аскердик милдеттерде келечектеги командалык курамды даярдоочу курстардын окуучусу экендигин Б.Жапаров түшүнүү менен кабылдады. Буга мектептен алган орто билими жардамга келди.

Аскер бөлүмү, взводдун командири экендигин жоопкерчилик менен сезген зээндүү жоокер Калинин, 2-Беларус фронтторуна катышып, жырткычтар менен кармашып жүрүп, 4 жолу жаракат алган. Госпиталдарда дарыланган. Бирок демоблизацияга туш келбей, Забайкальедеги аскер округунда үйрөтүүчү, көнүктүрүүчү полктун взводунун командирлигине которулат. Тагдыр анын жолун Читадан Монголияга чейин узартып, Чойбалсан шаарына жана Манчжурияга алып барат. Ошентип, Б.Жапаров советтик милиондогон жоокерлер сыяктуу армиялык, фронттук турмушту 1946–жылдын мартына чейин башынан өткөрдү: эрдиктердин үлгүсүн көрдү, өзү да катардагы жоокерлерге үлгү болду; аларды согуштун талаптарына жооп берүүгө үндөдү, тарбиялады; кан-жини топурак менен жуурулушкан өлүктөрдү көрдү; мекен үчүн, эли үчүн башкалардай эле канын төктү.

Согуш мезгилинде Совет элинин, Советтик Армиянын негизги максаты бирөө гана болгон, ал - бардыгы фронт үчүн иштөө; чакырыктары анча деле көп эмес: «Жеңиш үчүн!»,«Сталин үчүн!», «Фашисттерге өлүм!».

Азыр чет мамлекеттерде гана эмес, ички тарыхыбызда да И.Сталиндин ролу басылгансып, Г.Жуковдуку көтөрмөлөнүп жаткандай сезилет. «Жуков бар жерде ийгилик бар» дегенди Гитлердин айрым генералдары да моюнга алууга мажбур болушкан. Г.Жуков кайсы фронтту жетектебесин, жеңиш менен аяктаган. Муну Ата-Мекендик согуштун тарыхы дайыма тастыктап турат. Бирок партиянын Борбордук Комитетинин 1-секретары, Министрлер Советинин, Коргонуу комитетинин председатели, Башкы командачы; Черчилль менен Рузвельтти баш ийдирип, 2-фронтту ачууга мажбурлаган И.Сталин болбогондо, жеңиш кайсы жылга, айга, күнгө туура келет эле? Эгерде И.Сталиндин ордунда Н.Хрущев турганда, Совет элин кандай тагдыр күтмөк?

Улуу жеңишти бүтүндөй совет эли, Советтик Армия, анын ар бир субъектиси камсыз кылды. Армия менен элдин биримдиги, баарынан мурда, орус эли, орус тили, эл достугу, коммунисттик идеология жеңишти улам жакындаткан. Бул жакындатууга салым кошуп, кан күйгөн согуштан аман келген бактылуулардын катарында Бакас Жапаров да бар. Ал да биздин сыймыгыбыз, сүйкүмдүү адамыбыз, жердешибиз, устатыбыз, агабыз, атабыз!

Согуш мезгилинде жалпыбызга тиешелүү, негизинен, бир гана адистик болгон- фашизимди талкалоо менен тынчтыкты камсыз кылуу.

Жеңиш менен кайткан жоокерлер эми кесипчилигин өзгөртүштү: кээ бирлери Советтик Армиянын катарында калышты, айрымдары армиядагы адистикти тынч эмгекке пайдаланышты, калгандары граждандык адистикке багыт алышты.

Ал кездерде мугалимдик өнөр өтө барктуу эле. Ошондон да болсо керек,

Б.Жапаров тарыхчылыкты тандап алды. Ааламга, коомго, адамга белгилүү жана азырынча белгисиз тарыхтар түмөн. Тарых да өсүп-өнүгүп турат. Тарыхы жок эч нерсе жок экендигин Б.Жапаров кан майданда фашисттер менен тынымсыз салгылашып жүргөндө эле жаш жүрөгүнө түйүп койгон. Кантсе да тынчы жок 4 жыл артта калып, жеңиштин биринчи жылында, 1946-жылы, мурдакы жоокер Пржевальскидеги мугалимдер институтунун студенти болуп калды. Кандуу кармашууда такшалган, турмуштук тажрыйбасы бар Бакас Жапаров үчүн студенттик күндөр майрамдай эле сезилди. Бирок, программалуу билимге ээ болууну ал эсинен чыгарган жок. Аскердик тартипке көнгөн студент окуу процесинин тартибин эч бузбай, алдыңкылардын катарында жүрүп, 1948–жылы дипломго ээ болду. Тарых боюнча жетишкен теориялык билимин эми практикада ийгиликтүү колдонуп, кечээки студент бүгүн мектептерде мугалим, директор, Ысык-Көл областынын билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Пржевальскидеги мектеп-интернаттын директору; ПГПИде окутуучу, такшалган окутуучу, тарых илиминин кандидаты, кафедра башчысы, доцент, декан, проректор, профессор, илимий–усулдук иштер боюнча жетекчи, илимий консультант; СССР жана Кыргыз ССРинин билим берүүсүнүн отличниги, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер; «Билим» коомунун эң активдүү агитатору жана пропагандисти катары окуучуларга, студенттерге терең билим, татыктуу, жугумдуу тарбия берүүгө; эмгекчилдерди агартууга чоң жана көптөгөн эмгек сиңирди.

1972-жылдын апрелинен 2004–жылга чейин Б.Жапаров менен кызматташ, сырдаш, кыйышпас болгондугума сыймыктанам. Өзүмдү аны менен салыштырып, кайсы деңгээлде жүргөндүгүмдү баамдап, жыйынтык чыгарып турчумун.

Коомдук илимдердин окутуучуларын обком аябай пайдалануучу. Партиянын ар бир съездинен кийин анын чечимдерин эл арасына жеткирүү үчүн биз пропагандист, марксизм-ленинизм университетинин окутуучусу, «Билим» коомунун мүчөсү катары райондорго, шаарларга, колхоз, совхоздорго ж.б. лекция окууга жөнөрдө мен көпчүлүк убакта Б.Жапаровго кошулчумун. Анын терең маанилүү, кругозорлуу, зарыл көп проблемалуу лекциялары угуучуларга гана эмес, мага да жакчу. Суроолор көп берилчү баарына лектор татыктуу жооп берчү. Окуган лекцияларынын ыгы келген жерине Алдаш Молдону, Алдашев А., Бектенов З., Карасаев К., Кыдырбаев З., Талып Молдо, Тыныстанов Касымдарды гана эмес, орус-тузем мектептеринде билим алып, 1917-жылдан кийин кыргыз элинин сабатсыздыгын жоюп, маданиятын көтөрүүгө салым кошкон Ашырбеков Рыскул, Жылкыбаев Турусбек, Калпакбаев Байсерке, Сатылганов Тайлак, Чоңбашев Сыдыктарды да кыстара кетчү. Мындан тышкары, Каркырада, Көөлүү, Сары-Жаз, Эңилчектин малчыларына, Кум-Төрдүн кенчилерине лекция окуганда Б.Жапаровдун ыкмаларын да пайдаланчумун.

Ошол эле мезгилде Б.Жапаровдун түздөн-түз жетекчилигинде жана катышуусунда КПССтин тарыхы боюнча студенттер үчүн 20 басма табактан көбүрөөк илимий–методикалык иштер даярдалган жана жарык көрүп, институттун ичине гана эмес, республиканын ЖОЖдоруна да таркатылган. Бул өңдүү жумуштарга кафедранын мүчөлөрү И.Табалдиев, Т.Жунушов, С.Кабылов, К.Бектурганова, А.Филатовалар ж.б. тартылган.

ЖОЖдордогу окутуучулардын кыя өткүс милдеттеринин бири – илимий–теориялык, практикалык, методикалык конференцияларга тезистер, докладдар, макалалар даярдоосу жана алардын катышуусу. Мындай иштерден да Б.Жапаров четте калчу эмес.

Саналган иштерди атап, элестетип чыгуу эле канчалаган убакытты алат. Анысына карабай, Б.Жапаров сүйгөн кесибинде дагы эле иштей бермек. Бирок анын жөндөмүн, билимин, күрөштө жетилгендигин, жөнөкөйлүгүн, эл менен жакындыгын, кыргызча, орусча логикалуу сүйлөй билгендигин, чынчыл, улуу–кичүүгө бирдей мамилесин максаттуу жоопкерчилигин, ишке тактыгын, принципиалдуулугун, жаңычылдыгын жетекчилер байкады. Натыйжада, аны партиялык–советтик кызматтарга тартышты жана көтөрмөлөштү: атактуу педагог бир мезгилде Токтогул районунун 1-секретары,

Пржевальск шааркомкунун 1-жана 2-секретары, Ысык-Көл облаткомунун төрагасынын орун басарынын, Кыргызстан КП БКнын уюштуруу бөлүмүнүн жооптуу кызматкеринин милдеттерин татыктуу аткарды. Булар Б.Жапаровдун педагогикалык иштерди партиялык–советтик ишмердүүлүк менен тыкыс айкалыштыра билгендигин көрсөттү: ага улам кийинки, жооптуу жана татаал тапшырмалар берилбесин, бардыгын ак ниеттүүлүк менен турмушка ашырды.

«Төө канча болсо, жүгү ошончо», Б.Жапаров кызматынан тышкары коомдук көптөгөн иштерге аралашты. Институттун партуюмунун секретарлыгына үч жолу шайланды; согуштун жана эмгектин ардагери катары жыл сайын уюштурулган жолугушууларга ыраазычылык менен катышчу; Пржевальск шааркомунун мүчөлүгүнө, областтык Кеңештин депутаттыгына үч жолу шайланган. Өмүрүнүн акырына чейин «КРнын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсионер» артыкчылыгын пайдаланды.

Элине, жерине, мекенине арнаган кынтыксыз кызматы Ленин ордени, 16 медаль, Грамоталар, Ардак Грамоталар (анын ичинде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунуку да бар), башка да көптөгөн сыйлыктар менен белгиленди.

Б.Жапаровдун иштеген кызматтарын, алган сыйлыктарын бөлүштүрсө, жүз кишиге бирден тиер эле.

Көзү өткөн татыктууларды коомчулук эскерип турбаса, тирүүсүнгөн айрымдар деле унутулуп калышы мүмкүн, «Өлүү арстандан тирүү чычкан», дегендей жашай берсе деле болоор…

2000–жылы Чолпон–Ата-Алматы автожолунун курулушун социологиялык иликтөөгө арналган «Төртүнчү вариант» атуу монографиям жарык көрдү. Ошого карата жазган пикиринде Б.Жапаров өзүн өзү эскерет: «XX кылымдын элүүнчү, алтымышынчы жылдарында областтык бийлик структурасында иштеп калдым. Барскоон жолун курганда айрым бурулуштардан өтүш үчүн машинаны артка берип, дөңгөлөккө таш коюп, анан араң өткөнүн көрдүк. Бирок жол улам өркүндөй берди. Барскоон жолу болбой, Кум-Төр алтын кенин иштетүү мүмкүн эмес эле. Каракол–Эңилчек жолун алсак, ошол жылдары Сарала-Таш деген кыя менен атчан өткөндө, атты жетелеп өтөөр элем. Анткени аскалуу жол тар, татаал эле. Эми ал даңгыраган жолго айланды. Келечекте Сары–Жаздагы кендерди пайдалануунун негизги шартын түзмөкчү. Ал эми Чолпон-Ата–Алматы жолу Улуу Жибек жолунун бир бутагы болушунда шек жок. Эми маселе аны жаңыча өздөштүрүүдө».

Согуштун жана эмгектин ардагери, Б.Жапаровдун курдашы С.Мусаевдин тамашасынан:

- Ээ-э, Бакас, эл сыяктанып, же төкөр, же бүкүр, же сокур эмессиң. Тырык – бырыгың деле байкалбайт. Армияда болгондугуң айтасың. Коңулда жүрүп эле кайра келгенсиң го?..

- Вот здорово! Б.Жапаров тамашаларга деле анча кызандачу эмес. Жообу: -Вот здорово болучу.

Бир жолу СПИДдин алдын алуу чаралары боюнча шааркомдон токтом келди.

- Мен эки гана кишиден «шекшингенимди» ректордун кабылдамасындагыларга билдирдим. Алардын бирөө – Б.Жапарович, экинчиси – Т.Каргалдаев. Экөө тең бойдок, жүрбөгөн жерлери жок… Бул «билдирүүм» ошол эле заматта тигилерге жетиптир.

- Вот здорово - дептир Б.Жапаров. ал эми Т.Каргалдаев мени ашаткы жыттанган сөздөр менен шыбаптыр.

Нарын районундагы Бейшенбек Мамбетов атындагы орто мектептин мугалиминин эскерүүсүнөн: «Худфакка 1986-жылы кирип, окуп калдым. Орусча билбейм. Анысына карайбы, орус тилинен зачет тапшырмай болдук. Окутуучу тиги – муну сурады, менден эч кандай жооп алалбады. Зачеттук китепчемди карады да: «Сен Бакас Жапаровдун баласысыъбы?» Бул суроого да жооп бербей, башымды гана ийкеп

койдум. Менин аты-жөнүм Жапаров Курманбек Бакасович окутуучуга таасир эткен көрүнөт, агайымдын атын сатып, зачет алганымды эч унутпайм. «Атанын баркы менен кыз өтөт, соодагердин даңкы менен боз өтөт» деген ушул эмеспи.

Бул өңдүү тамашалар, эскерүүлөр өтө эле көп. Анын баарын божурай берсең, Б.Жапаровдун арбагына шек кетет…

Согуштун, эмгектин ардагери Бакас Жапаровдун өрнөктүү баскан жолу ушундай.